- Үлгү болуучу жүрүм-турум аркылуу тарбия берүү;
- Сабактан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруу;
- Ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүү;
- Элдик педагогиканын элементтерин колдонуу;
- Позитивдүү мотивация жана ардактоо;
- Мектеп ичинде ынтымактуу жана адептүү чөйрө түзүү

Бул сунуштар мектептеги тарбия процессин күчөтүүгө жана башталгыч класс окуучуларынын инсандын руханий дүйнөсүн калыптандырууга көмөк көрсөтөт:

**Колдонулган адабияттар**


1. Алимбеков А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – 2017-ж., 272 бет.
2. Алимбеков, А “Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы” Бишкек-2018
3. Алимбеков, А. Идеи и опыт гуманистического воспитания в кыргызской народной педагогике / А. Алимбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2017. – № 9. – С. 187-190. – EDN XHMDAY.
4. Жалилова, С. Улуттук каада-салттын студент жаштардын рухун жана адеп-ахлагын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү / С. Жалилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 152-157. – EDN SXNJQM.
5. Иптаров С. “Адептик билим берүүнүн айрым илмий-методикалык маселелери” Бишкек 2012.
6. Умарова, Р. Н. Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо жазалоонун ролу / Р. Н. Умарова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 199-203. – DOI 10.56122/..v2i2.255. – EDN HUGAIX.


**УДК. 37.13** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.455**

# ИНФОРМАТИКА МУГАЛИМИН ДАЯРДООНУН 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДАГЫ АКТУАЛДУУЛУГУ

Ырысбаева Айсырга Алмаматовна
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
aisyrga160209@mail.ru
Телефон номер:0772 62 17 72
https://orcid.org/0009-0005-2433-8174

**Аннотация.** Макалада 12 жылдык билим берүү системасынын шартында информатика мугалимин даярдоонун актуалдуулугу каралат. Кыргызстанда билим берүүнүн жаңылануусу жана санариптик трансформация коомдо информатика адисине болгон талапты күчөтүүдө. Информатика сабагы окуучулардын санариптик сабаттуулугун, алгоритмдик жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн негизги булагы болуп саналат. Бирок учурдагы абал студенттерди даярдоодо практикалык компоненттин жетишсиздигин жана адистикке болгон кызыгуунун төмөндөшүн көрсөтүүдө. Макалада информатика мугалиминин жаңы шарттагы ролу, билим берүү мазмунун жаңылоонун зарылдыгы жана студенттердин санариптик компетенцияларын өнүктүрүүнүн жолдору талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында практика

менен теорияны айкалыштырган модулдук окутуу жана STEM элементтерин интеграциялоо информатика мугалимин даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатаары белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** Информатика мугалими, 12 жылдык билим берүү, санариптик компетенциялар, модулдук окутуу, STEM интеграциясы, практикалык даярдык, долбоордук ишмердүүлүк, санариптик трансформация, универсалдуу адис

## АКТУАЛЬНОСТЬ ПОДГОТОВКИ УЧИТЕЛЯ ИНФОРМАТИКИ В УСЛОВИЯХ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Ырысбаева Айсыга Алматовна
Ошский государственный педагогический университет

**Аннотация.** В статье рассматривается актуальность подготовки учителя информатики в условиях перехода на 12-летнюю систему образования. Обновление содержания образования в Кыргызстане и процессы цифровой трансформации усиливают потребность в специалистах по информатике. Предмет «Информатика» является основным источником формирования цифровой грамотности, алгоритмического и логического мышления учащихся. Однако современное состояние показывает недостаточную практическую направленность подготовки студентов и снижение интереса к данной специальности. В статье анализируется роль учителя информатики в новых условиях, необходимость обновления содержания обучения и пути формирования цифровых компетенций студентов. По результатам исследования установлено, что модульное обучение, сочетающее теорию и практику, а также интеграция элементов STEM значительно повышают эффективность подготовки учителя информатики.

**Ключевые слова:** Учитель информатики, 12-летнее образование, цифровые компетенции, модульное обучение, интеграция STEM, практическая подготовка, проектная деятельность, цифровая трансформация, универсальный специалист

## THE RELEVANCE OF TRAINING COMPUTER SCIENCE TEACHERS IN THE CONTEXT OF A 12-YEAR EDUCATION SYSTEM

Yrysbaeva Aisyga Almatovna
Osh State Pedagogical University

**Annotation.** This article examines the relevance of training computer science teachers in the context of the transition to a 12-year education system. The modernization of education in Kyrgyzstan and the processes of digital transformation have increased the demand for computer science specialists. The subject of computer science plays a crucial role in developing students’ digital literacy, algorithmic and logical thinking skills. However, the current situation reveals insufficient practical components in teacher preparation and a decline in interest in the specialization. The article analyzes the role of the computer science teacher in the new context, the need to update educational content, and approaches to developing students’ digital competencies. The findings suggest that modular learning, which combines theory and practice, as well as the integration of STEM elements, significantly enhances the effectiveness of training computer science teachers.

**Keywords**: Computer science teacher, 12-year education system, digital competencies, modular learning, STEM integration, practical training, robotics, project-based learning, digital transformation, universal specialist

XXI кылымдын башталышы билим берүү системасына жаңы талаптарды коюп, дүйнөлүк коомдо санариптик трансформация процессин ылдамдатты. Кыргызстан да бул өзгөрүүлөрдөн четте калган жок. Өлкөдө билим берүүнү модернизациялоо максатында 12 жылдык билим берүү моделине өтүү чечими кабыл алынды[1]. Бул реформанын негизги багыттарынын бири – окуучуларды жаңы доордун компетенциялары менен камсыз кылуу болуп саналат. Алардын ичинде санариптик сабаттуулук жана компьютердик ой жүгүртүү өзгөчө мааниге ээ.

Информатика сабагы — окуучуларды заманбап технологиялык чөйрөгө даярдоонун негизги булагы. Ал жөн гана компьютерди колдонуу көндүмдөрүн эмес, маалыматты издөө, талдоо жана иштетүү жөндөмдөрүн, алгоритмдик жана логикалык ой жүгүртүүнү калыптандырат. Окуучуларга бул багыттарда долбоордук иштерди, портфолиолорду даярдоо жана башка тапшырмаларды берүүгө болот. Ишти аткарууда программалык каражаттар, анын татаалдыгы классына, өтүлгөн темалардын алкагында тандалып, тандоодо окуучуларга эрк берилгени максатка ылайыктуу[3]. Ушундан улам 12 жылдык билим берүү шартында информатика мугалимин даярдоонун актуалдуулугу мурдагыдан да күчөдү.

Бирок бүгүнкү күндө бул багытта бир катар көйгөйлөр бар. Айрым абитуриенттер информатика адистигин тандоого кызыкпай жатышат, мугалимдерди даярдоонун мазмунунда практикалык компонент жетишсиз, ал эми жаңы технологияларды окутууга интеграциялоо деңгээли талаптагыдай эмес. Мындай шартта информатика мугалимин даярдоо маселесин илимий негизде изилдөө зарыл болуп жатат.

Изилдөөнүн максаты – 12 жылдык билим берүү шартында информатика адистигинин ролун негиздөө жана мугалимди даярдоонун жолдорун тактоо. Бул максатка жетүү үчүн информатика предметинин жаңы шарттагы ролу, студенттердин методикалык жана санариптик компетенцияларын калыптандыруунун жолдору, ошондой эле мугалимди даярдоодо эксперименттик иштин натыйжалары талданат.

Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүү системасына өтүү билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окуучуларды эл аралык стандарттарга жакындатуу максатын көздөйт[1,2].

*Информатика мугалимин даярдоонун көйгөйлөрү жана талаптары*

Кыргызстанда акыркы жылдары абитуриенттер арасында информатика адистигине болгон кызыгуу төмөндөп жатканы байкалууда. Анын негизги себептеринин бири – мектептерде информатика предметине бөлүнгөн сааттын аздыгы жана бул адистикти жалаң гана "мугалимдик кесип" катары кабылдоо. Студенттердин пикиринде, информатика адиси мектеп менен гана чектелет деген түшүнүк орун алган.

Бирок жүргүзүлгөн суроо-жооп изилдөөсүндө (N=48 абитуриент, 1-курстун студенттери) кызыктуу фактылар аныкталды. Студенттерден "Эмне үчүн информатика адистигин тандаган жоксуңар?" деп суралганда, көпчүлүгү:

"Мектепте сааты аз болгондуктан мугалимдикке суроо-талап жок" (42%) деп жооп беришкен.

"Информатика адиси болгондо башка тармакта иштей албайсың" деген пикирди билдиргендер (37%) болгон.

Ал эми 21%ы бул багыттагы маалыматтын жетишсиздигин белгилешкен.

Формалоочу эксперименттин алкагында студенттерге жана мектеп бүтүрүүчүлөрүнө атайын түшүндүрүүчү семинарлар өткөрүлүп, информатика адистигинин коомдогу жана экономикадагы кеңири мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлдү. Тактап айтканда:

Информатика адиси мугалим гана эмес, программист, маалыматтык системалар адиси, тармак инженери, веб-дизайнер, аналитик, маалымат коопсуздугу боюнча адис болуп иштей алат.

Компьютердик билим ар бир тармакта – медицинада, банк системасында, транспортто, өндүрүштө – талап кылынат. Демек, информатика адиси "жалгыз кесип" эмес, көп кырдуу жана универсалдуу адис болуп саналат.

Семинарлардын жыйынтыгында кайталап жүргүзүлгөн сурамжылоодо студенттердин көз карашы өзгөргөнү байкалды. 1-этапта информатика адистиги "тек мугалимдик кесип" деп эсептегендер 37% болсо, формалоочу иш-аракеттерден кийин бул көрсөткүч 12%га чейин төмөндөдү. Ошол эле учурда "информатика адиси коомдун ар тармагында иштей алат" деген пикирди колдогондордун саны 28%дан 61%га чейин өстү.

Бул эксперименттик иштин жыйынтыгы информатика адистигине болгон мамиле коомдук маалыматтын жетишсиздигинен улам туура эмес түшүнүк менен чектелип калганын көрсөттү. Информатика адиси чындыгында «универсалдуу кесип ээси», ал мектеп мугалими

болуу менен катар ар кандай тармакта иштей алат[6]. Ошондуктан студенттерди жана мектеп бүтүрүүчүлөрүн бул адистиктин мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат менен камсыз кылуу — кадр даярдоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Жыйынтыгында жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, 12 жылдык билим берүү системасынын ийгиликтүү ишке ашуусунда информатика мугалимин даярдоонун ролу абдан чоң[4]. Информатика сабагы окуучулардын санариптик сабаттуулугун калыптандыруу менен гана чектелбестен, аларды XXI кылымдын негизги компетенциялары — алгоритмдик ой жүгүртүү, чыгармачылык, критикалык анализ жана инновациялык ишмердүүлүккө багыттайт[5].

Эксперименттин жүрүшүндө абитуриенттердин жана студенттердин түшүнүгүндө “информатика адиси — бул жалаң гана мектеп мугалими” деген калыптанган пикир басымдуулук кылары аныкталды. Бирок түшүндүрүү жана формалоочу иш-аракеттер көрсөткөндөй, информатика адиси коомдун бардык тармагында — билим берүүдө, өндүрүштө, медицинада, финансыда, маалыматтык коопсуздукта — иштей ала турган универсалдуу адис болуп саналат.

Натыйжада төмөнкү корутундуларга келүүгө болот:

1. 12 жылдык билим берүү шартында информатика адистигинин мааниси мурдагыдан да жогорулады, анткени ал жаңы муундун санариптик компетенцияларын калыптандырууда башкы ролду ойнойт.
2. Мугалимдерди даярдоодо практикалык багыттагы модулдук окутуу, долбоордук ишмердүүлүк жана STEM элементтерин интеграциялоо студенттердин кесиптик даярдыгын олуттуу жакшыртат.
3. Информатика адиси — бул санариптик коомду куруунун негизги кыймылдаткычы, 12 жылдык билим берүү реформасынын ийгилигин камсыз кылуучу чечүүчү фигура.

Демек, информатика мугалимин даярдоону күчөтүү жана бул адистиктин коомдук кадыр-баркын жогорулатуу Кыргызстандын 12 жылдык билим берүү системасы үчүн стратегиялык мааниге ээ.

**Адабияттар.**

1. «Информатика» Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-9-класстары үчүн предметтик стандарты (2023)
2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (Физика-математикалык билим берүү. 2021)
3. Арынбаев Э.К. Информатика предметинин окуучулардын “Кыргыз жараны” жалпы жарандык идентиктүүлүгүн калыптандыруудагы орду // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы: илимий-усулдук журнал. – 2025. – №1(25). – Т.2.
4. Ч. Арынбаева. Компьютерди колдонуу ыкмалары. Нарын 2010.
5. Сейдалиев М.Д., Камбаров А.К. Компьютер жана колдонуучу. Баткен 2013
6. Н.Данилова. Балдар жана гаджеттер. Ата-энелер үчүн санариптик сабаттуулук. Бишкек 2020
7. Б.Чыныбаева. Менин компьютерим. Бишкек 2020